| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ №11-1**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**“Сузак районунун ардактуу атуулу”**
**наамына сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана 2024-жылдын 28-ноябрында бекитилген Кызыл-Туу айылдык кеңешинин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-июнундагы отурумунун № 7 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Сузак районунун социалдык, билим берүү тармагына зор салым кошкон жана үзүрлүү эмгектенген төмөнкү жарандар “Сузак районунун Ардактуу атуулу” наамына сунушталсын:
   - Чанакова Чачтибек - Кызыл-Сеңгир айылынын тургуну, №31 Ы. Чанаков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин музыка мугалими;
   - Ажар Дарика Адатовна - Кызыл-Сеңир айылынын тургуну.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ № 11-2**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана 2024-жылдын 28-ноябрында бекитилген Кызыл-Туу айылдык кеңешинин Регламентин негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-июнундагы отурумунун № 7 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө зор салым кошкон төмөнкү жаранга “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын:

   - Кочкоров Кенешбек - Талаа-Булак айылынын тургуну.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын  кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ №11-3**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Талаа-Булак  айылынын Көк-Булак участкасынын**
**ички көчөсүнө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Исмаилов Маданбектин ысымын ыйгаруу жөнүндөгү айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-июнундагы отурумунун № 7 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Исмаилов Маданбектин ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Исмаилов Маданбек атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

# ТОКТОМ №11-4

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

## Сметага өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 5-июнундагы чыгыш № 01-28/1055 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 17-июнундагы отурумунун № 5 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Айылдардын генералдык планын жасатууга “Максаттуу трансферттен” келген акча каражатын Аппарат бөлүмүнүн 2215 “Түрдүү чыгымдар” беренесинен 4216,9 миң сомго сметанын киреше жана чыгаша бөлүгүнөн көбөйтүлсүн.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамынын 28-беренесине ылайык балдар бакчаларындагы тамак аш чыгымдарына ата-энелер тарабынан төлөнүшү белгиленгендигине байланыштуу 2025-жылдын бекитилген сметасында акча каражаты жетишсиз болгондугуна байланыштуу киреше жана чыгаша планына өзгөртүү киргизилип, 8000,0 миң сомго акча каражаты көбөйтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана максаттуу пайдалануусу айылдык кеңештин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ №11-5**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Орто-Азия айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 10-июнундагы чыгыш № 01-28/1090 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 17-июнундагы отурумунунун № 6 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылынын тургундарын сугат суу муктаждыгын канааттандыруу максатында, № 476 контурунда жайгашкан 200 чарчы метр жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынын сугат айдоо жерлери түрүнөн “Өнөр жайынын, транспорттун, коргонуунун, байланыштын, энергетиканын жана башка багыттагы жерлери” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ №11-6**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2025-жылдын 10-июнундагы чыгыш № 01-28/1084 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-июнундагы отурумунунун № 3 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылындагы скважина курууга долбоорлонуп жаткан 300 чарчы метр жер аянты муниципалдык менчикке алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ**<br>**АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

## ТОКТОМ №11-7

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Айыл аймактык участкалык шайлоо комиссияларынын чек араларын жана схемаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2025-жылдын 4-июнундагы чыгыш № 01-28/1046 сандуу кайрылуу катын негиздеп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн аймагындагы 13 участкалык шайлоо комиссияларынын чек аралары жана схемалык пландары тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Участкалык шайлоо комиссияларынын такталган чек аралары жана схемалык пландары Сузак аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Ж.Шералиевага милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

## ТОКТОМ №11-8

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагына жаңы мал базар курууга**
**бюджеттик кредит алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы №377 “Жаныбарлардын ооруларын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” Жобого ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 19-июнундагы чыгыш №01-28/1167 сандуу катын негиздеп, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-июнундагы отурумунун №3 протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл аймагынын МХО участкасына ветеринардык-санитардык талаптарга жооп бере турган муниципалдык мал базар курууга 94 880 000 (Токсон төрт миллион сегиз жүз сексен миң) сом бюджеттик кредит алууга макулдук берилсин.
3. Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредитти алууну камсыздоого 3-05-07-0033-1286 идентификациялык коду менен катталган мал базар астындагы 16,0 га жер аянты күрөөгө коюга макулдук берилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ**<br>**АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз он биринчи сессиясы

**ТОКТОМ №11-9**

Мундуз айылы 19-июнь 2025-жыл

**Бюджеттик кредит келишимди түзүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 18-июнундагы №377 “Жаныбарлардын ооруларын алдын алуу боюнча биринчи кезектеги ветеринардык-санитардык талаптарды бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” Жобого ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 19-июнундагы чыгыш №01-28/1167 сандуу катын негиздеп, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 19-июнундагы отурумунун №3 протоколун негиздеп жана сунушун угуп, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго Кызыл-Туу айыл аймагынын МХО участкасына ветеринардык-санитардык талаптарга жооп бере турган муниципалдык мал базар курууга 94 880 000 (Токсон төрт миллион сегиз жүз сексен миң) сом бюджеттик кредит келишимин түзүүгө, кол коюу иштерин жүргүзүлүүсүнө макулдук берилсин.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**